СУУЛУУ-САЗДАК ЖЕРЛЕР

Казакстан
Кыргызстан
Түркмөнстан

Маалыматтарды жаңыртуу, жергиликтүү жашоочулар менен иш жүргүзүү жана туруктуу пайдалануу боюнча сунуштама

Теңиз-Коргалжын көлдөр тутуму, Казакстан

Суулуу-саздак жерлер деген эмне?

Кургакчыл болуп эсептелген биздин Борбордук Азия чөлкөмүндө суулу-саздак жерлер дарыя жана арык суулары, көлдөр жана суу сактагычтар, куймалар жана көлмөлөр, нымдуу жана саздак жерлер түрүндө бар. Алардын баары бүтүндөй чөлкөмдөгү элдин жашоосу жана ден соолугу менен байланышкан эч алмашкыс суу корлору жана биологиялык көп түрдүүлүктүн очогу болуп эсептелет. Суулу-саздак жерлердин тазалыгынан жана экологиялык абалынан биздин өлкөнүн бейкуттугу жана жашоосунун өзү көз каранды.

Эмне үчүн суулу-саздак жерлерге мынча көп көңүл бурушат?

Себеби жаратылыш процесстеринде жана коомчулуктардын турмушунда алардын ролу өтө зор жана ар түрдүү.

ССЖлердин экологиялык милдеттеринин ичинен төмөнкүлөрдү атоого болот:

- тузсуз сууну сактоо;
- жер үстүндөгү жана алдындагы агымдарды жөндөштүрүү;
- топурак кыртышындагы суулардын деңгээлин сактоо;
- сууну табигый тазалоо жана булгоочу заттарды кармап туруу;
- атмосферага кычкылтекти кайтаруу, көмүр кычкыл газын атмосферадан алуу жана топтоо;
- климатты өзгөчө жаан-чачын жана температуралык тартип жагынан турукташтыруу;
- жээктерди бузулуудан жана топурак кыртышын эрозиядан сактоо;
- биологиялык ар түрдүүлүктү колдоо;
- өсүмдүктөр менен жаныбарлар, анын ичинде жоголуп кетүү коркунучунда турган жана\же адам үчүн пракит-калык мааниге ээ түрлөрү жашоочу жердерди камсыз кылат.

Алакөл-Сасык көл көлдөр тутуму, Казакстан

Эмне үчүн ССЖ коргоого жана үнөмдүү пайдалануга муктаж?

Ошону менен катар, чөлкөмдө антропогендик мүнөздөгү олуттуу коркунучтар бар. бул болсо ССЖлерде айлана-чөйрөнүн начарлашына жана алардын экосистемаларынын бузулушуна алып келүүдө. Техногендик булгоолор, сууну айыл чарба мукташдыктарга жөнгө салуусуз алынышы, биологиялык корлордун көзөмөлсүз пайдаланышы, табигый суу агымдарынын бузулушу жана тогоондордун (плотиналардын), ошондой эле суу корлорун үнөмдүү пайдалануунун чек аралар аралык маселелери буга мисал.

Photo by Marina Bazarevskaya

Суулуу-саздак жерлер жөнүндө Рамсар конвенциясы

Конвенциянын миссиясы «Суулу-саздак жерлер сакталышына, акылдуулук менен пайдаланылышына, кайра калыбына келтирилишине, ал эми алардын пайдасын баары таанышына жана баалашына» багытталган.

Бул көз караш 2014-2024-жылдарга карата 4-стратегиялык планда көрсөтүлгөн.

План өзүнө артыкчылык маанидеги төрт багытты (максаттарды) жана 19 чакан максаттарды камтыйт:

1-максат: Суу-саздак жерлерди жоготууга жана алардын бузулушуна алып келүүчү факторлорду кароо.

2-максат: Рамсар жерлер тармагын натыйжалуу коргоо жана башкаруу

3-максат: Суулу-саздак жерлерди акылдуулук менен пайдалануу.

4-максат: Конвенцияны ишке ашырууну жакшыртуу.

Азыркы кезде Конвенциянын Тараптары болуп 169 өлкө, анын ичинде Борбордук Азиянын бардык өлкөлөрү эсептелет. Борбордук Азияда андай жерлердин саны 21, жалпы аянты 4718.089 га. Анын ичинен 10 жер (3.188.557 га) Казакстанда, 3 жер (679.408 га) Кыргызстанда, ал эми Тажкистанда 5 (94.600 га), Түркмөнстанда – 1 (267.124 га) жана Өзбекстанда – 2 жер (558.400 га) бар.

Photo by Marina Bazarevskaya

Photo by Marina Bazarevskaya

Борбордук Азиянын Рамсар аймактык демилгеси (БА-РАД)

Борбордук Азиядагы Рамсар конвенциясынын макулдашып жаткан тараптарына Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Түркмөнстан жана Өзбекстан кирет. 2015-жылы ноябрда макулдашып жаткандардын үч тарабы (Казакстан, Кыргызстан жана Түркмөнстан) ССЖлерди сактоо жана рационалдуу пайдалануу боюнча аймактык кызматташууну күчтөндүрүү үчүн Борбордук Азияда рамсар аймактык демилгесин түзүү боюнча Конвенциянын Катчылыгы жасаган расмий сунушка макул болушту. Демилгенин алкагында кабыл алына турган чечимдер үчүн жооптуу болуп Координациялык комитет (БА-РАД КК) эсептелип, анын курамына эң тажыйрбалуу эксперттер – Казакстандын, Кыргызстандын жана Түркмөнстандын окумуштуулары менен практиктери кирген.

RRICA
RAMSAR REGIONAL INITIATIVE
FOR CENTRAL ASIA

Чөлкөмдө Рамсар конвенциясынын жоболорун аткаруу жана Рамсар ССЖлерди башкаруу

Рамсар Конвенциясы мамлекеттер өзүлөрүнө алган милдеттемелерди аткаруу үчүн шарттарды жана каражаттарды өзүлөрү аныктоо укугун аларга берүү менен, суулу-саздак жерлерди башкаруу органын же органдар тутумун түзүүнү Тараптардан талап кылбайт. Ушуга байланыштуу Борбордук Азиянын ар бир өлкөсүндө ССЖлерди башкаруу боюнча экологиялык-географиялык жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөр менен шартталган өз практикасы калыптанган. Андыктан алардын ар бирин өз алдынча кароо керек.

Photo by Marina Bazarevskaya

Алакөл-Сасык көл көлдөр тутуму, Казакстан

Казахстан. Казак Республикасынын 2005-жылдын 13-декабрындагы мыйзамына ылайык, Казакстан Рамсар конвенциясына кошулуу чечимин кабыл алган. Ага кирген күн деп 2007-жылдын 2-майы эсептелет, бул күнү Конвенциянын Катчылыгы Теңгиз-Коргалжын көлдөр тутуму Эл аралык маанидеги суулу-саздак жерлердин тизмесине киришин бекиткен.

Бүгүнкү күндө Казакстанда эл аралык маанидеги суулу-саздак жер деп жарыяланган 10 объектиге ээ, алардын жалпы аянты 3.188.557 гектарды түзөт (2-табл). Мындан тышкары, 2018-2021-жылдары Рамсар тизмесине киргизүү үчүн 5 потенциалдуу ССЖ аныкталган.

Казакстанда 2004-жылдын 9-июлунда № 593-II «Жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, кайра жаратуу жана пайдалануу жөнүндө» жана 2006-жылдын 7-июлунда № 175-III «Өзгөчө көзөмөлдөлүүчү жаратылыш аймактары жөнүндө» мыйзамдары кабыл алынып, ага суулу-саздак жерлердин маселелерин жөнгө салуучу укук ченемдери киргизилген (15.06.2017ж. карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор); көлмөлөрдү эл аралык жана республикалык маанидеги суулу-саздак жерлердин катарына киргизүү эрежелери бекитилген (Казак Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 11-февралындагы №18-03/94 токтому); эл аралык жана республикалык маанидеги суулу-саздак жерлердин тизмеси бекитилген (Казак Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2015-жылдын 24-апрелиндеги №18-03/369 буйругу).

Кыргызстан. Кыргыз Республикасы Рамсар Конвенциясына «Биринчи кезекте суу канаттуулары мекендеген жай катары эл аралык мааниге ээ суулу-саздак жерлер жөнүндө БУУнун 1971-жылдын 2-февралындагы Конвенциясына кошулуу жөнүндө» мыйзамына (№54, 10-апрель, 2002) ылайык кошулган.

Рамсар конвенциясын ишке ашырууга байланышкан милдеттемелерди аткарууну камсыз кылуу жана жөнгө салуу аракеттерин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттик (Мамагенттик) жүргүзөт. Суу-саз комплекстерин изилдөөгө жана сактоого багытталган иштерге аталган Мамагенттик менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (УИА) суулу-саздак жерлерди каттап чыгуу, ССЖлерди пайдалануу жана коргоо тартиби жөнүндө типтүү жоболорду, аларды башкаруу пландарын түзүү боюнча биргелешкен долбоорлорду иштеп чыгып аткаруусу, анын ичинде учурдагы Кыргызстанда Суулу-саздак жерлерди сактап калуу стратегиясынын долбоорун аткаруусу да кирет (2013-2023-жж.).

Рамсар конвенциясы боюнча Кыргызстандын милдеттемелерин аткарууда Мамагенттиктин жетекчилигинен жана БА-РАД ККга мүчө улуттук эксперттерден (Маматаиров Б., Акулов Р., Давлетбаков А.Т., Остащенко А.Н.) турган жумушчу топ Рамсар тизмесине киргизүү үчүн эң келечектүү ССЖлерди тандап алган (3-табл.). Жумушчу топтун эксперттери, тийиштүү процедурага ылайык, төмөнкү ССЖлер үчүн номинацияларды (RIS маалымат документи) даярдашат: Чардактусу, Кара-Суу жана Сары-Челек көлдөрү, Суусамыр өзөнүнүн орто агымы ошондой эле Орто-Токой, Киров жана Токтогул суу сактагычтары.

Жумушчу топтун алдына турган милдеттерге бул ССЖлерди туруктуу пайдалануу боюнча башкаруу пландарын жана коргоо иш-чараларынын негиздерин иштеп чыгуу үчүн аларды изилдөө да кирет. Мындан тышкары, IWC алкагында суу-саз канаттууларынын Рамсар жерлерине гана эмес, IBA суу-саздарында да кыштоолоруна мониторинг жүргүзүлүп жатат. Жогоруда аталган эксперттер ӨКЖАнын, КРнын УИАнын жана тийиштүү аңчылык чарбаларынын кызматкерлери менен бирге Кыргызстандагы Рамсар жана башка суулу-саздак жерлерге мониторинг жүргүзүшөт.

Чатыр-Көл көлү, Кыргызстан

Түркмөн башы булуңунун Түндүк Чыгыш тарабы, Түркменистан

Түркменистан. Түркмөнстан Рамсар конвенциясына 2009-жылдын июлунда кошулган жана азырынча бир гана Рамсар аймагын – Түркмөнбашы булуңун (1-табл.) көрсөткөн. Ошого карабай, 2010-жылдан тартып эле БУУнун айлана-чөйрөлөр боюнча конвенциялары менен программаларынан келип чыгуучу Түркмөнстандын милдеттемелери аткарылышын камсыз кылуу боюнча Мамлекеттик комиссиянын алдында өлкөдө Конвенциянын жоболору аткарылышын көзөмөлдөө жана Рамсар тизмесине киргизилген жана\же киргизиле турган жерлерди (-сүр.) башкаруу үчүн Жумушчу топ түзүлгөн.

Жумушчу топ БА-РАДды иштеп чыгууга катышкан. Түркмөнстандын БА-РАДда катышуусу Түркмөнстандын Айлана-чөйрө жана жер корлору боюнча мамлекеттик комитетине Рамсар конвенциясынын алдындагы Түркмөнстандын эл аралык милдеттемелерин аткаруугa, ошондой эле төмөндө аталган негизги максаттарга жетишүү жагынан алдыга жылууга жардам берет.

Башка өлкөлөрдөй Рамсар ССЖ тармагын уюштуруу, бул үчүн Түркмөнстандын Эгемендүүлүгүнүн 15 жылдыгы атындагы Зейит суу сактагычы Келиф көлдөр менен бирге, шаар суу-саз жери катары Күртлү көлү, Огуржалы аралы Түштүк-Челекен жана Түркмөн булуңдары менен бирге; Алтын-асыр түркмөн көлү; Сарыкамыш көлү; Солтандаг-Кызылбурун көлдөр тутуму сыяктуу потенциалдуу аймактарын Рамсар тизмесине көрсөтүү; Суу-саздак жерлерди мекендөөчү канаттуулардын кыштоолоруна, анын ичинде Негизги орнитологиялык аймактар катары (IBA) деңиз (EBSA/CBD) жана аймактык суу-саздак жайларга мониторинг жүргүзүүнү улантуу.

Жогоруда аталгандарга таянып, Жумушчу топтун эксперттери (Рустамов Э.А, Вейисов А., Каррыева Ш.), Рамсар Конвенциясынын процедурасына ылайык, Түштүк-Челекен жана Түркмөн булуңдары менен бирге Огуржалы аралын тизмеге көрсөтүү үчүн номинацияларды (RIS маалымат документин) даярдоого киришти. Жумушчу топтун эксперттери (Рустамов Э.А, Сапармурадов Д.С., Вейисов А.), Жумушчу планга ылайык, 2015-2017-жылдары суулу-саздак жерлерге, болгондо да тизмеге киргизүүгө көрсөтүлгөн гана аймакка (Түркмөнбашы булуңу) гана эмес, башка ССЖлерге да мониторинг жүргүзүшкөн.

Суулу-саздак жерлерди изилдөө жана коргоо ишинде Түркмөнстандын жумушчу тобу менен Айлана-чөйрөнү коргоо жана жер корлору боюнча мамлекеттик комитетинин алдында турган негизги милдеттер – аларды толук тизмелеп каттап чыгуу (инвентаризациялоо), аларды коргоо мыйзам тарабынан камсыз кылынышына жана тийиштүү Башкаруу пландарын түзүүгө өбөлгө кылуу болуп эсептелет.

Жергиликтүү коомчулук менен иштөөгө багытталган БА-РАДдын биринчи долбоору

БА-РАД сунуштаган жана Рамсар конвенциясынын Катчылыгы тарабынан жактырылган алгачкы долбоор Казакстан, Кыргызстан жана Түркмөнстан өлкөлөрүндөгү суулу-саздак жерлердин (ССЖ) статусу жөнүндө маалыматтарды жергиликтүү коомчулуктар ССЖлерди сактап жана рационалдуу пайдалануусу үчүн учурда бар эң мыкты практикаларды топтоо жана жайылтуу жолу менен жаңылоо долбоору болду. Долбоорду ишке ашыруу боюнча улуттук эксперттер (конкурстук негизде) тандлып алынган. Долбоорду ишке ашыруу үчүн улуттук эксперттер катары конкурстук негизде Адылбек Козыбаков (Казакстан), Аскар Давлетбаков (Кыргызстан) жана Элдар Рустамов (Түркмөнстан) тандалган. Долбоор Япониянын өкмөтү тарабынан колдоого алынып, Япония тараптын ыктыярдуу берилген каражаттарына ишке ашырылды.

Долбоордун максаты Казакстан, Кыргызстан жана Түркмөнстан өлкөлөрүндөгү Рамсар суулу-саздак жерлерди башкаруу жана сактоо жагынан тиги же бул коомчулуктарда калыптанган эң мыкты практикалар жөнүндө маалыматтарды топтоо, жаңыртуу жана жайылтуу болуп эсептелет.

Долбоордун алкагында төмөнкү милдеттер алдыга коюлган:

- Казакстандагы, Кыргызстандагы жана Түркмөнстандагы ССЖлер жөнүндө маалыматты жаңыртуу.
- ССЖлердин баалуулугу жана алар көрсөтүүчү кызматтар жөнүндө жергиликтүү коомчулуктар кабардар экендигин иликтөө жана ССЖлердин маанилүүлүгү жөнүндө алардын маалыматын күчтөндүрүү мксатында маек өткөрүү.
- Бүткүл дүйнөлүк ССЖ күнүнө арналган ири иш-чараларды жергиликтүү калктын катышуусунда өткөрүү.
- Борбордук Азиянын Казакстан, Кыргызстан жана Түрмөнстан өлкөлөрүндөгү суулу-саздак жерлерди сактоо жана башкаруу жаатында эң мыкты тажыйрбалар боюнча Долбоордун жыйынтыктоочу жана негизги натыйжасы болуп эсептелген тийиштүү колдонмо жазуу.

Фото Марины Базаревской

Долбоор алкагындагы талаа изилдөө иштери

Аймактын суу-саздак жерлеринин ичинен аларды башкаруу практикалары менен пландарын изилдөө үчүн 10у тандап алынган (1-табл.) Алардын ичинен 6сы Рамсар жерлери болуп эсептелет, алар боюнча ССЖларды түзүү жана башкаруу пландарына 5 упайлык баалоо жүргүзүлгөн.

Материал топтоо багыттык-талаа сүрөткө тартуу ыкмасына негизделип, анын жүрүшүндө көлмөлөр сыртынан карап изилделип, аймагы, жээктеринин абалы сүрөттөлгөн, суу-саз канаттууларынын бардык түрлөрү жана аталган ССЖ тиги же бул экологиялык кызматты көрсөтө ала тургандыгы жөнүндө айтууга боло турган башка бардык бөтөнчөлүктөрү каттоого алынган.

Борбордук Азиянын изилденген ССЖлери

	Аталышы	Рамсар тизмесине киргизилген күнү жана аянты	Координа-талары	Тиешелүүлүгү	
				ӨКТА	Административдик аймагы *(области же велаяты, району же этрабы)*
1	Теңиз-Коргалжын көлдөр тутуму	11.10.1976 353 341 га	50°25′59″ 69°11′20″	Коргалжын мамлекеттик табигый коругу	Акмола областынын Коргалжын району, Караганда областынын Нура району
2	Алакөл-Сасык көл көлдөр тутуму	25.11.2009 914.663 га	46°16′00″ 81°32′00″	Алакөл мамлекеттик табигый коругу	Алматы областынын Алакөл району, Чыгыш- Казакстан областынын Уржар району
3	Кичи Арал деңизи жана Сырдарыя суусунун дельтасы (салаалап аккан жери)	02.02.2012 330.000 га	46°20′50″ 61°00′09″	Барсакелмес мамлекеттик табигый коругу	Кызылордо областынын Арал району
4	Каракол көлү	3.773 га	43°53′44″ 51°30′93″	Үстирт мамлекеттик табигый коругунун Каракыя-Каракол мамлекеттик зоологиялык корукчасы	Мангистау областынын Актау ш.
5	Ысык-Көл көлү	26.12.1976 624.439 га	42˚22ʹ17″ 77˚21ʹ58″	Ысык-Көл мамлекеттик коругу	Ысык-Көл областынын Ысык-Көл, Жети-Өгүз, Түп, Ак-Суу жана Тоң райондору
6	Соң-Көл көлү	23.01.2011 38.869 га	41˚55ʹ03″ 75˚08ʹ32″	Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу	Нарын областынын Ак-Талаа району
7	Чатыр-Көл көлү	08.11.2005 16.100 га	40˚33ʹ31″ 75˚09ʹ03″		Нарын областынын Нарын району
8	Түркмөнбашы булуңу	03.07.2009 267.124 га	39˚47ʹ47″ 53˚21ʹ70″	Хазар мамлекеттик коругу	Балкан велаятынын Түркмөнбашы этрабы
9	Куртли көлү	1421 га	38˚01ʹ00″ 58˚22ʹ00″	-	Ашгабат шахери
10	Түркмөн-стандын Эгемендүү-лүгүнүн 15 жылдыгы атындагы Зейит суу сактагычы жана Келиф көлдөрү	85.488 га	37˚31ʹ00″ 65˚06ʹ00″	Амударыя мамлекеттик коругунун Келиф корукчасы	Лебап велаятынын Керки жана Халач этраптары

Жергиликтүү коомчулуктар арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, бул үчүн фокустук топтордун курамы аныкталган. Сурамжылоонун максаты: алар ССЖлерди кандайча пайдаланыша тургандыгын, кандай пайда алышарын, кандай көйгөйлөрү бар жана аларды жоюу үчүн кандай каалоо-сунуштары бар экендигин аныктоо. Жергиликтүү коомчулуктардын арасында жүргүзүлгөн анкеталык сурамжылоонун натыйжасында, алардын ССЖлер жөнүндө маалыматы бар экендиги, ССЖлердин экологиялык кызматтары, ошондой эле алар жашап жаткан ССЖлерди сактоонун жана туруктуу өнүктүрүүнүн маанилүүлүгүн түшүнө тургандыктары аныкталган. Бардыгы болуп 505 адам, анын ичинен Казакстанда ССЖлер боюнча 77 адам, Кыргызстанда 240 жана Түркмөнстанда 188 адам сурамжылоого катышты.

ССЖ жергиликтүү калк үчүн көрсөткөн экосистемалык кызматтары

ССЖ таза суу менен камсыз кылат

- Ысык-Көл аймагында жашаган калктын баалоосу боюнча бул ССЖди Ысык-Көл котловинасындагы майда дарыяларды таза суунун булагы деп эсептеп (91%), сууну ичкенге жана айыл чарба продукциясын өндүрүүгө колдонот.

- Түркмөнстандын Эгемендүүлүгүнүн 15 жылдыгы атындагы Зейит суу сактагычынын жээгинде жашаган адамдар бул көлмөсүз өз жашоосун элестете албайт, анткени жакын жайгашкан калк жашоочу жерлерди суу менен камсыз кылуу, дың жерлердеги айыл чара аянттарын сугаруу суу сактагычтын суусунан камсыз кылынат. Респонденттер акыркы жылдары суу сактагычка келип жаткан суунун көлөмү азайгандыгын, бул болсо жергиликтүү коомчулуктардын социалдык-экономикалык абалына терс таасирин тийгизип жатканын белгилешкен.

Жогоруда

Балыкчылар Сырдарья дарыясында. Кызылордо облусунун Арал району

Ылдыйда

Элдерди сурамжылоо

сурамжылоого катышкандар

ССЖ жергиликтүү калкты азык-түлүк менен камсыз кылып, киреше булагын түзүү менен калктын бейпилдигине түз таасир этет

- Казахстандын Акмола областынын Коргалжын районунун калкынын жалпы социалдык-экономикалык абалы канаатандырарлык. Бул негизинен бай талаа жайыттарынын, балыктын жетиштүү корлорунун болушу жана чоң шаардын жакын жайгашуусу менен түшүндүрүлөт. Шаардын базарларында жергиликтүү балыкчылар, фермердик жана дыйкан чарбалары ССЖде жана анын тегерегинде тапкан өз өндүрүмдөрүн: балык, уй-жылкы, кой эттерин, үй канаттууларын, сүт азыктарын (кымыз, курут, айран-сүзмө, каймак ж.б.) сатышат.

- Соң-Көл суу-саздак экосистемалары аймактын экологиялык жана экономикалык турктуулугунда өзгөчө маанилүү роль ойноп, балык өндүрүүгө, мал чарбачылыгына, эс алуу менен туризмди өркүндөтүүгө шарт түзөт. Каралып жаткан ССЖнин басымдуу бөлүгү жайыт катары колодонулат. Мал өстүрүү үчүн жерлер өндүрүмдүү пайдаланылып, жайыттардын аянты чоңдугунан сүт жана эт алдыңкы орундарды ээлейт.

- Түркмөнбашы булуңундагы ССЖда жергиликтүү калк үчүн эң маанилүү болгон кызматтар – бул деңиз жана тазартылган суу, балык, куштар, туризм, мергенчилик жана балык улоо. Чакан калктуу жайлардын жашоочулары ССЖ менен коруктун биологиялык ресурстарына түздөн-түз көз каранды, алар балык жана учуп өтүүчү жана кыштоочу куштар.

- Ысык-Көлдө жыл сайын 120 тоннага чейин чабак, судак, карп, момун балык, сиг ж.б. балыктын түрү кармалат жана регионду дан өсүмдүктөрүн, картошка, жашылча, мөмө-жемиш өндүрүүгө адистешкен.

- Кичи Арал деңизи жана Сыдарыя суусунун дельтасында жашаган жергиликтүү калк негизинен балык уулоочулук менен менен алектенет. Негизги тармак бул – балык уулоо жана аны кайра иштетүү. Балык уулоочулук менен 61 субъект алектенип, аларда 187 адам иштейт.

Жогорудан ылдыйга

Кликун-ак куулары Ысык-Көл көлүнүн жээгинде, Кыргызстан

Алакөлдө өрдөктөр, Казакстан

ССЖ канатуулардын жашоо жана миграция жайлары

- Теңиз- Коргалжын көлдөр тутуму Борбордук Азиядагы негизги орнитологиялык аймактардын бири болуп эсептелет. Ал аркылуу миллиондогон сууда сүзүүчү жана суу жээктерин мекендеген канаттуулар, анын ичинде чор тумшук (жапайы өрдөктүн түрү) жана чыйпылдак каз сыяктуу глобалдуу коркунучта турган бир нече миң канаттуулар жыл сайын учуп өтөт. ССЖнин аймагын курчап турган талаа-чөл ландшафттары жоголуу коркунучунда турган саны 150 уялык жупка жеткен ызгыттын үйүрлөрү үчүн жана жоголуу коркунучуна жакын – 700 чамалуу жуп талаа чолок тумшуктары үчүн жашай турган жер болуп эсептелет.

Чон бакландардын уялары Ысык-Көлдүн аралчаларында, Кыргызстан

- Ысык-Көл көлү сууда сүзүүчү канаттуулардын өтө көп санда кыштоочу жайы болуп эсептелет. Жалпысынан көлдө ар түрдүү жылдары 50 миңден 100 миңге чейин канаттуу (30 түрү) кыштайт, орто эсеп менен 66.231. Жээктеринде адатта кайырма (жапан өрдөктүн түрү), боз өрдөк, кыл куйрук, чүрөк-ышкырыктар; жээктен ары 20-30 м аралыкта тайыз сууда кашкалдак, гоголь (өрдөктүн түрү); сублиторалдуу аймакта кызыл тумшук жана кызыл баш балыкчы өрдөк, арам өрдөк (кызыл моюн, кара моюн, кичине, чоң, боз моюн), таажылуу чумкугучтар, узум тумшук арам өрдөктөр, ошондой эле аккуулардын түрлөрү (сары тумшук, кызыл тумшук), сейрегирээк кичинекей ак куулар азыктанып, эс алышат. Тереңдиги 10 метрден ашпаган тайыз суулуу жээк тилкеси 478 гектарды ээлеп, чынында кыштоочу канаттуулар үчүн негизги азык жайы болуп эсептелет.

- Түркмөнбашы булуңу ССЖ орнитофауна тизмеси – же канаттуулардын саны 300 түрүнөн ашат. Уя салчу жерлерде кузгун, жаман сары, кадимки күйкө, авдотка, тартак чулдуктар, кичинекей, деңиз жана чоң тумшук зуектер, кара кур, жапайы көгүчкөн, үй бабырганы, кара жана ак курсак кардыгач, сары жана жашыл щурка, үпүп кездешет.

Жогорудан ылдыйга

Ысык-Көл көлү, Кыргызстан

Озеро Алаколь, Казахстан

ССЖ эс алуу жайларынын жана экологиялык туризм кызматын кылат

- Ысык-Көл ССЖ жылдын жылуу мезгилинде адамдардын массалык эс алуучу жери болот. Бул жерде инфраструктура эң көп өнүккөн: көп сандагы курорттор менен эс алуу үйлөрү көп өлкөлөрдөн туристтерди кабыл алат. 2016-жылы Ысык-Көл областына келген туристтердин жалпы саны 1.159.656 адамды түзгөн.

- Алакөл көлүнүн жээктери жергиликтүү калктын, ошондой эле негизинен казакстандык менен россиялык туристтердин эс алуу жайы болуп эсептелет. Алакөлдүн жээгиндеги эс алуу жайлар менен конок үйлөр өнүгүүдө. Учурда көлдүн жээгинде 60тан ашык эс алуу жайлары жана конок үйлөрү иштеп жатат.

- Туризмди өнүктүрүү боюнча жергиликтүү ишкерлер негизинен турист – бёдвотчерлерге кызмат көрсөтүшөт. Конок үйлөрүнүн жана боз үйлөрдүн ээлери жээктердин жана жалпы эле ССЖнин тазалыгына өзүлөрү көз салышат, себеби таза объектилер, алардын пикиринде, туристтерди өзүнө бир топ жакшыраак тартат.

- Соң-Көлдө туристтерди тейлөө үчүн тийиштүү инфраструктура өрчүп келе жатат, ага жергиликтүү калктын олуттуу бөлүгү тартылган. Көл ойдуңун жакын жайгашкан райондордун калкы салттуу түрдө ар кандай маданий иш-чаралар менен майрамдарды өткөрүү үчүн пайдаланылат. Соң-Көлдүн өнүктүрүүгө боло турган туристтик мүмкүнчүлүгү жогору, буга төмөнкү факторлор шарт болот: бийик тоолуу көлдүн адам колу көп тие элек жаратылышы, таза аба, маданияты, салты жана жергиликтүү коомчулуктардын жашоо мүнөзү. Жергиликтүү элдин салттуу жашоосу шарты, улуттук жасалгалуу боз үй чет элдик көлүүчүлөрдүн бөтөнчө кызыгуусун жаратат. Аймак Улуу Жибек Жолунун комплекстүү туристтик багыттарына киргизилген. Бул экологиялык туризмди өнүктүрүү үчүн жагымдуу жерлердин бири. Ал туристтердин чоң кызыгуусун жараткан ландшафттын жагымдуу объектилерине ээ. Туристтерди кабыл алуучу жергиликтүү тургундар үчүн бир катар артыкчылыктар бар: акчалай киреше, билим деңгээлинин жогорулашы, ошол эле мезгилде салттуу чарбалык иш-аракеттерди жүргүзүү мүмкүнчүлүгү.

Жогорудан ылдыйга

Сөң-Көлдөгү туристер үчүн боз үй шаарчасы, Кыргызстан

Германиядан келген «бедвотчер» үй-бүлөсү конок үйдүн ээси менен, Казакстан

«Аваза» улуттук туристтик зонасы, Түркмөнстан

Түркмөнбашы булуңу, Түркмөнстан

- «Аваза» улуттук туристтик аймагы – бул ССЖнин батыш чек арасынан 4 чакырым жана Түркмөнбашы шаарынан 12 чакырым аралыкта жайгашкан заманбап курорт шаар. Жай мезгилинде Авазага Түркмөнстандын бардык булуң-бурчтарынан жана чет өлкөлөрдөн туристтер келет. Авазада бир мезгилде эс алуучулардын саны 4000 миң адамга жетиши мүмкүн. Бул жерде пландалган 60 мейманкананын 20сы курулуп бүткөн, 6 коттедждик комплекси, 7 саламаттык борбору, 2 яхт-клуб, ошондой эле негизинен 7 чакырым узундуктагы жасалма каналды бойлото жайгашкан ресторандар менен кафелер тармагы бар.

Соң-Көл көлү,
Кыргызстан

ССЖ маданий мурастарынын бир бөлүгү болуп саналат

- Ысык-Көл көлү ССЖ адам затынын маданий мураста-рынын бир бөлүгү катары өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, ал жерде Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары өткөрүлөт. Бул руханий булактарга байланыштуу, эстетикалык жана көркөм дем берүү булагы болуп эсептелет, социалдык, экономикалык жана маданий мүнөздөгү жергиликтүү олуттуу салттардын негизин калыптандырат. Андан тышкары, Ысык-Көл ССЖ биологиялык ар түрдүүлүктүн бай топтолушун камсыз кылат.
- Соң-Көл айрым маданий мурастар сакталган жер болуп эсептелет. Алардын катарында Манастын жоокерлеринен калган эстеликтер («Таш Тулга») бар. Бул тарыхый жана руханий баалуулуктарга байланышып, эстетикалык жана көркөм дем булагы болуп эсептелет. Археологиялык баа жеткис эстеликтер катары социалдык, экономикалык жана маданий мүнөздөгү жергиликтүү олуттуу салттардын негизин түзөт.

Жогорудан ылдыйга

Түркөн башы булуңунда Сейилбактар маршынын өтүшү, Түркмөнстан

Каракөлдөгү окуучулар арасындагы бедвотчинг, Казакстан

ССЖ окуучулар менен студенттер үчүн талаа тажыйрбалар менен экскурсияларды өткөрүүчү жай болуп эсептелет

- Каракөл көлү бейөкмөт уюмдары жана Актау шаарынын окуу жайлары агартуучулук жана окуу-таануу максаттарында пайдаланышат. Жыл сайын кичине балдар жана жаштар көл жээгиндеги ишембиликке катышат

- Түркмөнбашы булуңу ССЖнин Хазар мамлекеттик коругунун илимий бөлүмү, ошондой эле Түркмөнбашы шаарынын жалпы билим берүүчү мектептери агартуу-табиялык жана билим-таануучулук максаттарда пайдаланат. Жыл сайын мектеп окуучулары «Сейилбактар маршы» эл аралык жаратылышшты коргоо акциясынын алкагында шаар администрациясы Хазар коругу менен бирге уюштура турган иш-чараларга катышат.

ССЖнин абалын баалоо жана көйгөйлөр

Айыл чарба иштерине жөнгө салынбаган суу алуу, дарыялардын агуусун жөнгө салуу менен сууну булгоо ССЖдагы суунун сапатына жана санына көйгөй туудурат

- Сууну сугат иштерине пайдалануу Ысык-Көл ойдуңундагы майда деңиз-суулардын фаунасына терс таасирин көрсөтүүдө. Ири дарыялардын нугун буруудан өзөндөрдүн жайык жерлери бузулуп, саздар кургап, дарыя жээктериндеги жайыктар жок болуп кетүүдө, суу өзөндөрү көп сандагы жаан-чачын менен мөңгүлөрдүн катуу эришинен желип-түздөлүп калууда, жайкысын суу кирген мезгилде эч нерсе менен тозулбаган суулар көп сандаган кыйроолорго алып келет. Ысык-Көл ойдуңунда суулар өнөр жана турмуш-тиричиликтен келип чыккан кир агындылар менен булганууда, алар көп учурда эч кандай тазалоосуз эле көлмөлөргө куят, же тазалоочу жабдуулар тазалоонун талап-тагыдай сапатын камсыз кылбайт.

Фото Марины Базаревской

Коргалжын коругуна чектеш ССЖ аймагында мал жаюу, Казакстан

Малды ашыкча жаюу менен бак-дарактарды кыюу ССЖнын жээгиндеги өсүмдүктөрдү деградацияга дуушар кылат

- Жергиликтүү калктын жана чек аралаш райондогу малдын санынын көбөйүшү жайыттарды чар- жайыт пайдаланууга алып келип, Соң-Көлдө отоо чөптөрдүн көбөйүшүнө алып келди. Малдын өтө жыштыгы жайыттардын түгөнүшүнө жана өсүмдүктөрдүн бузулушуна алып келүүдө. Бул шамал жана суу эрозиясына, өсүмдүктөрдүн түрлүк курамынын өзгөрүшүнө түрткү болуп жатат. Канаттуулардын таштаган жумурткалары менен балапандары малдын тебелендисинде калып өлүүдө. Көл жээгинде коруктун аймагынан тышкары чабандардын отурукташуусу тоо каздарын азыктануу үчүн жээкке чыгуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат.

- Ысык-Көлдө өзөн сууларын бойлой өскөн токойлорду жыгач алуу үчүн пайдаланууга мыйзам тыюу салганына карабай, дарак-бадалдарды кыюу мал жаюу менен катар аталган токойлордун бузулушуна алып келүүдө.

- Коргалжын коругунан сырткары жерлерде, бирок ССЖ аймагында мал чарбачылыгы абдан өнүккөн. Ал өз убагында ССЖ экосистемаларыына чоң таасирин берет.

Биоресурстарды туш келди пайдалануу

- Соң-Көл көлүндө мыйзамсыз балык улоо кеңири таркаган. Андан сырткары канаттулардын балапандарын кармоо дагы орун алган.

- Түркмөнстандын Эгемендүүлүгүнүн 15 жылдыгы атындагы Зейит суу сактагычы ССЖнин биолгиялык абалына коркунуч жаратышы мүмкүн болгон көрүнүштөр: балыкты чектөөсүз күнү-түнү кармоо, браконьерчилик жана камыш өсүмдүктөрүнүн өрттөнүшү болуп эсептелет.

Адырдагы өрттөр

- Коргалжын коругунун өзөк зонасынын чегинде жыл сайын өрткө каршы тилкелер жасалганына карабай июль-август айларында өрттөр чыгып турат жана аларды коруктун кызматкерлери өчүрүшөт. Бул убака канаттулардын балапандары учууга жарап калып өрттөн өлүүсө жокко эсе.

Таладагы өрт,
Казакстан

Рамсар ССЖ Башкаруу пландарын баалоо

Рамсар ССЖлерин коргоо үчүн мааниге ээ башкаруучулук аракеттердин негизги багыттарына төмөнкүлөр кирет:

- аймакты пландоо жана бөлүп чектөө;
- жер аянттарын мамлекеттик кадастрлык эсепке алуу жана ӨКЖА мамлекеттик кадастры;
- жаратылыш объектилерине мамлекеттик суу реестрин жана\же башка жаратылыш эсебин жүргүзүү;
- жерлердин максаттык ыйгарылышын белгилөө жана өзгөртүү;
- жерлерди жана башка жаатылыш объектилерин пайдалануга берүү; жерлерди, токойду пайдалануу иштерин жөнгө салуу;
- жаратылыш объектилеринин жана алардын комплекстеринин абалына мониторинг жүргүзүү;
- аткаруу үчүн коюлган талаптар менен жаратылыш объектилерин коргоо иштеринин аткарылышын көзөмөлдөө.

Рамсар конвенциясынын секретариаты тарабынан чыгарылган 2007-жылдагы Колдонмонун-16 главасында аныкталгандай ССЖ башкаруу (3-чыгарылыш) ССЖ башкарууну пландаштыруунун негизги процесстери болуп төмөнкүлөр эсептелет:

Функция I	Жерди башкаруу максаттары менен милдеттерин аныктоо
Функция II	ССЖнин мүнөздөмөсүнө таасир кылуучу же таасир кыла ала турган факторлорду аныктоо
Функция III	Чыр-чатактарды чечүү
Функция IV	Мониторингдин шарттарын аныктоо
Функция V	Коюлган милдеттер менен максаттарга жетишүү үчүн зарыл чаралардын тутумун аныктап сүрөттөө
Функция VI	Натыйжалуу башкаруунун үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу
Функция VII	Ресурстарды издеп табуу
Функция VIII	ССЖнин чегинде жана башка ССЖлер менен жана кызыккан тараптар менен маалымат алмашуу
Функция IX	Башкаруунун оң натыйжалуулугу жана тыянактуулугу
Функция X	Жергиликтүү, улуттук жана эл аралык саясатка ылайык келүү

Чөлкөмдүн бардык суулу-саздак жерлеринин ичинен аларды башкаруу практикалары менен пландарын изилдөө үчүн 10 жер тандап алынган, алардын 6сы гана Рамсар жерлери болуп эсептелет. Аларга Конвенциянын эл аралык эксперттери иштеп чыккан ССЖлери башкаруунун эң мыкты практикасынын критерийлерине (функцияларына) таянуу менен, тийиштүү балоо жүргүзүлгөн.

Фото Марины Базаревской

Казахстан, Кыргызстан жана Түркмөнстанда Рамсар жайлары үчүн Башкаруу пландарын балдык баалоосу

ССЖ аталышы	Башкаруу пландарын түзүү процессинин функциялары жана аткарылышы									
	I	II	III	IV	V	VI	VII	VIII	IX	X
Тениз-Коргалжын көлдөр системасы	5	5	2	3	4	4	3	4	4	3
Алакөль-Сасыккөль көлдөр системасы	4	4	1	2	3	2	2	3	3	2
Ысык-Көл көлү	4	5	3	3	4	4	2	4	3	4
Соң-Көл көлү	5	5	3	3	4	4	2	4	3	4
Чатыр-Көл көлү	4	4	3	3	3	4	2	4	3	4
Туркмөнбаши булуңу	5	5	3	3	3	4	3	4	3	4

Натыйжада башкаруу жагынан эң мыкты практикага Казакстанда Теңиз-Коргалжын көлдөр тутуму, Кыргызстанда Соң-Көл көлү жана Түркмөнстанда Түркмөнбашы булуңу сыяктуу суу-саздак жерлери ээ экендиги аныкталды.

Негизинен толук же айрым бөлүгү ССЖ аймагына кирген изилденген ӨКЖАын башкарууда төмөнкү көйгөйлөр кездешет:

- ССЖ сактоону камсыз кылган ченем-укуктук базанын жетишсиздиги;
- Заманбап мониторинг системасынын жоктугу;
- Мергенчилик чарбалар менен кызыкчылыктардын келишпестиги;
- Материалдык-техникалык базанын жетишсиздиги;
- Жаш адистерди тартуу боюнча максаттуу системанын жоктугу;
- Кадрлардын кетип калуусу;
- Илимий-изилдөө иштерин каржылоо деңгээлинин жетишсиздиги;
- Илимий –изилдөө ишмердигиндеги обүективдүү артыкчылыктарга туура келген илимий бөлүмдүн адистер курамынын шайкештигинин жоктугу.

Фото Марины Базаревской

Тениз- Коргалжын жана Ысык-Көл ССЖ обьектилеринин жаныбарлар дүйнөсүнүн өкүлдөрү

Башкаруу пландарынын эң негизги кемчилиги болуп жергиликтүү коомулук менен болгон байланышты камсыз кылган системанын жоктугу болуп саналат. Сурамжылоо көрсөткөндөй жергиликтөө калк экологиялык билим алууга кызыкдар. Ошол себептен негизги максаттардын бири болуп жергиликтүү калкты ССЖ коргоого боюнча кызматташтыка тартуу болуп эсептелет. Жергиликтүү жана борбордук бийликтердин колдоосуна жетишүү үчүн, коомчулук менен массалык маалымат каражаттары менен болгон байланыштарды өнүктүрүүчү программаны иштеп чыгуу зарыл. Мындай программа, массалык маалымат булактары менен байланышты, жергиликтүү калк арасында экологиялык агартуу иштерин таркатуу, корук обүектилери жөнүндө маалыматты таркатуу, жаратылыш коргоо маалыматын жайылтуу жана ошондой эле басмакана катары кызмат көрсөтө алат. Максат жергиликтүү калкты ССЖнын аймагын коргоо абалын жаратуу боюнча түшүнүктөрдү жеткирүү менен пайда менен кызмат көрүү. Жергиликтүү коомчулук ССЖ башкарууда чоң ролду ойноосу керек. Мындай маалыматтык иш чаранын максаты адамдарда бирдиктүү сезимди жана жоопкерчиликти арттыруу, канчалык билим жетиштүү болсо, ошончолук алар ССЖ жана корук обүектилерин коргоого активдүү тартылат.

Учурда бар Рамсар ССЖлеринин практикасында башкарууну пландоо боюнча кеңештер

ССЖ жергиликтүү коомчулуктар үчүн жаратылышты пайдалануунун бир катар түрлөрүн: балык уулоочулукту, айыл чарбасын (жер алдындагы сууларды деңгээли сакталышы жана жердин түшүмдүүлүгү жогорулугунун аркасында), малчылыкты, канаттуулар чарбасын, балчелек, аңчылык чарбаларын, дарылык үчүн чийки заттарды топтоп даярдоочу чарбаны, эс алуу жана туризмди ж.б. өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылат.

Аткарылган иштердин натыйжасында эксперттер жалпылаган сунуштарды иштеп чыгышты. Үч өлкөнүн тажрыйбаларынын негизинде Борбордук Азияда ССЖлерди сактоо, өрчүтүү жана туруктуу пайдалануу боюнча мыкты практикаларды жайылтуу боюнча кеңештер иштелип чыккан.

1. Экосистемалардын табигый жана антропогендик өзгөрүүлөрүнө байланыштуу аймак талаптагыдай башкарылышын камсыз кылуу үчүн чек араларды тактоо жана жерин чектеп бөлүү (бул ӨКТАнын чегинде жаткан бардык ССЖлерге тиешелүү). Канаттууларга көз жүгүртүү жана коргоо тартибин оң натыйжалуураак сактоо үчүн кароол мунара-аянтчаларын уюштуу (мисалы, Алакөл коругундагыдай). Зарыл болгон учурда тийиштүү ССЖлерди ишеничтүүрөөк коргоо үчүн ӨКТАнын тармагын кеңейтүү (мисалы, Кичи Арал деңизи жана Сырдарыя суусунун дельтасы ССЖде).

2. Суу-саз канатууларынын көчүп-учууларын камсыз кылуу үчүн экологиялык коридорлорду түзүү, мисалы Хазар жана Коргалжын коруктарында.

3. ССЖге терс таасирин төмөндөтүү максатында жайыттарга келтирилген жүктү жөндөштүрүүнү камсыз кылуу.

4. Рамсар конвенциясынын, Биологиялык көп түрдүүлүк боюнча конвенциянын КБР алдында жана башка келишимдер боюнча милдеттемелерди аткаруу иштеринин алкагында көчүп-учуучу, кыштоочу жана уялоочу суу-саз канатууларына мониторинг жүргүзүүнү улантуу (BirdLife International жана Wetlands International менен кызматташтыкта).

5. Мүмкүн болушунча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, ССЖ үчүн БП иштеп чыгуу жана жаңыртуу үчүн топтолгон маалыматтарды пайдалануу жана жаңы маалыматар менен толуктоо.

6. ССЖде жаратылыш жылнамасын жүргүзүүдө, эгер архивдер болсо, аларды карап чыгуу жана экосистемалардын ыңгайлашуучулук жөндөмүн баалоо боюнча атайын иштерди жүргүзүү.

7. ССЖнин жана ага канатташ жаткан аймактарды (мисалы, «Ысык-Көл» биосфералык аймактагыдай), пайдалануда кызыккан тараптар менен, анын ичинде аңчылар жана башка жергиликтүү коомчулуктар менен кызматташтыкты өнүктүрүү.

8. Ар бир өлкөдө Рамсар ССЖлерине мониторинг жүргүзүүнүн геомаалымат тутумун (ГМТ-технологиялары жана ССЖлердин абалын балоо үчүн жерди аралыктан бөлүп чектөө) андан ары бирдиктүү (чөлкөмдүк) мониторинг тутумунуна айлануу мүмкүнчүлүгү менен түзүү. Бул өз кезегинде, мисалы, Кыргызстандагы, «Ысык-Көл» биосфералык аймактагы сыяуктуу тийиштүү аймактын экологиялык-экономикалык өнүгүшүнө багытталган комплекстүү чечимдерди негиздөөгө мүмкүндүк берет.

9. Ресурстарды пайдалануучулардын арасында ССЖлерди сактап калуунун мааниси жөнүндө маалыматты пропагандалоонун бардык мүмкүнчүлүктөрүн, анын ичинде ММК жана социалдык тармактарды колдонуу. Экологиялык долбоорлор боюнча жаштар (мектеп окуучулары, студенттер ж.б.) менен иштерди өрчүтүү.

10. Жергиликтүү коомчулуктардын кызыкчылыгын эске алуу менен, ССЖнин коргоо иштерине жергиликтүү калкты тартуу, анын ичинде туристтик эс алуу, экскурсия, birdwatching, сүрөт аңчылыгы ж.б. тармактарында алектенүү үчүн жергиликтүү калкка жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берүү.

11. Башкаруу планы – бул практикалык колдонууга анык, бирок акылга сыярлык пайда табууга багытталган стандарт катары ССЖге мониторинг жүргүзүү тутумунда башкы документ. Анын принциптери менен критерийлери башкаруу практикасын жакшыртууну көздөйт. Принциптер – бул ССЖнин башкаруу процессинде четтөөгө болбой турган эрежелер, ал эми критерилер – аларын аткарылышын текшерүү каражаты. Принциптер менен критерилер ССЖнин башкаруудагы бардык иш-аракеттерди өз кучагына алып жана аларга сиңген болушу керек. Башкаруу планы мыйзамдарды, ченемдерди жана өлкөдө ратификацияланган эл аралык келишимдерди, конвенциялар менен макулдашууларды сакташы керек. Уюм (мында ӨКЖА). Эгер анын аймагында ССЖ болсо, расмий каттоо процедурасынан өткөн юридикалык тарап болушу керек. Ал ССЖнин, анын биологиялык көп түрдүүлүгүн ж.б. корлорун уруксатсыз жана мыйзамсыз пайдалануудан коргоо үчүн өз практикасында тийиштүү (алдын алуучу) чараларды иштеп чыгып аткарууга милдеттүү ССЖнин башкаруу планында мониторинг жүргүзүү жана жалпы эле башкаруу практикасынын ийгиликтүүлүгүн баалоого мүмкүндүк берүүчү объективдүү текшерүүгө боло турган көрсөткүчтөр келтирилиши керек.

12. ССЖнин экосистемалык кызматтары ар тараптуу. Буга кызыккан жактар экосистемалык кызматтарды пайдалануу жана коргоо процессине сөзсүз тартыла турган жергиликтүү коомчулуктарды өзүнө камтышы керек. Бул өзгөчө маданий, экологиялык, экономикалык же руханий баалуулукту түзгөн жактарына тиешелүү. Мында жергиликтүү коомчулуктардын өз салттык жашоо тартиптерин коргоо укугун сактоо талап кылынат. Жергиликтүү коомчулуктар андай жерлердин жакшы абалда сакталышына кызыгышы керек. Алар бузулган учурда ССЖге жооптуулар жергиликтүү коомчулуктар менен бирге кайра калыбына келтирүүгө умтулушу зарыл. Мисалы, ССЖнин тажрыйбасы – Кыргызстанда Соң-Көл көлүндө жергиликтүү эл малды туура эмес жайышынын кесепетинен тоо каздары уялоочу биотоптор бүлүнүп калган. Бирок 1996-жылы ал жерде канаттуулар уялашы үчүн эксперимент түрүндө жасалма аралдар уюшулган.

13. ССЖнин практикасын баалоо башкаруу планы аткарылышына жүргүзүлгөн мониторингдин, анын натыйжаларын талдоонуну негизинде ишке ашырылышы керек. Башкаруу планын аткаруу натыйжаларына кыскача баяндамаларды, мисалы, Кыргызстанда жасалып жаткандай ачык (акысыз) жайгаштыруу зарыл.

14. ССЖлерди башкаруунун колдонуудагы пландарын жакшыртуу процессинде критерийлерди үзгүлтүксүз баалоо жана аларды ишке ашыруу ССЖге комплекстүү мониторинг жүргүзүү, аны сактоо жана туруктуу пайдалануу үчүн негиз болушу керек. Рамсар жерлеринин мүмкүнчүлүктөрүн сактоо кызыкчылыктарын биздин өлкөлөрдү социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларында жана эл аралык кызматташуу маселелеринде эске алуу зарыл.

Фото Марины Базаревской

Болочок Рамсар ССЖлер үчүн алдыдагы пландоо принциптери

ССЖнин географиялык жайгашуусуна жана иштөөсүнө жараша аны башкаруу ӨКЖАын башкаруудан айырмаланат. Андыктан төмөнкү эки принципке көңүл буруу зарыл:

- *Бассейндик принцип.* ССЖин коргоону жана пайдалануну пландоону бүтүндөй суу топтолуучу бассейнге жайылтуу зарыл, себеби мындай ССЖлер олуттуу деңгээлде бүтүн экосистема катары суунун көлөмүнөн жана суу топтоолууу аянттын компоненттеринен көз каранды.

- *Комплекстүү принцип.* Суу топтолуучу бассейндин абалына жараша, ошондой эле көлмөнүн иштөө өзгөчөлүктөрүнө жана анын жыл ичиндеги өзгөрүү-жылыштарына жараша ССЖин активдүү да, пассивдүү да коргоону айкаштыруу зарыл. Комплекстүү чаралар ССЖге карата жергиликтүү коомчулуктардын оң мамилеси калыптанышын алдын ала болжошу керек, бул болсо (жогоруда көрсөтүлгөндөй) алардын турмушунда ССЖнин аткарган өзгөчө ролу менен аныкталат. Эгер ССЖ толугу менен же жарым жартылай ӨКЖАнын жеринде жайгашкан болсо, анда Башкаруу планында аталган ССЖнин тийиштүү экосистема үчүн жаратылышты коргоочулук маанисин эске алуу кеңеш кылынат. Андыктан аталган жерди сактоо боюнча атайын башкаруу планын бөлүп кароо же ӨКЖАны башкаруу планында аны өзүнчө белгилөө максатка ылайык.

Жыйынтыгында рамсар конвенциясы боюча эл аралык милдеттемелер, анын ичинде Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн да, төөнкүлөргө мүмкүнчүлүк бере тургандыгын эске салгыбыз келет:

- Ар бир өлкөдө пландоону ССЖлерге, айрыкча Рамсар тизмесиндегилерге талаптагыдай көзөмөлдү камсыз кылуу менен, аларды коргоого көмөк кылгыдай аныктап ишке ашыруу. Ошону менен катар, техногендик таасирдин, булгануунун же башка антропогендик процесстердин себебинен тиги же бул ССЖнин экологиялык статусу өзгөргөн учурда маалыматтын жеринде жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

- ССЖлерди, алардын биологиялык көп түрдүүлүгүн коргоо, башкаруу жана пайдалануу боюнчка Рамсар конвенциясынын катчылыгы же Тараптардын Конференциясы тарабынан берилген кеңештер жөнүндө жана алар алып жаткан маалыматтарды кабыл алышы жөнүндө бардык кызыккан тараптар үчүн, ССЖин башкарууга жооптуу бардык деңгээлдердеги органдар менен тараптар үчүн маалымдуулукту камсыз кылуу.

Ошону менен катар Рамсар ССЖлерин башкаруу милдеттери жаратылыш корлорун пайдалануу жана\ же айлана-чөйрөнү коргоону жөнгө салуу тармагында ыйгарымдарга ээ мамлекеттик башкаруу органдарына багытталат.

Рамсар жерлеринде башкаруу жана көзөмөлдөө иштерине карата Рамсар конвенциясынын башкы талаптарын 3 негизги топко киргизүүгө болот: 1) андай жерлерди тийиштүү Рамсар критерийлери боюнча бөлүп белгилөө; 2) жаратылышты пайдалануунун жалпы тартибин алдын ала кароочу жана андай аймактардын багытталышын сактоого көмөк кылуучу башкаруу пландарын иштеп чыгуу; 3) Рамсар ССЖлердин тизмеге көрсөтүлгөн статусу начар жакка өзгөрүшүнө жол бербөө максатында аларга көзөмөл жүргүзүү.

ССЖин башкаруу практикасы менен Рамсар конвенциясынын ортосундагы келишпестиктерди же карама-каршылыктарды потенциалдуу жерлер үчүн колдо бар башкаруучулук практиканын натыйжалуулугуна (тыянагына) берилген бааны алганда аныктаса болот. Эгер суу-саздак жерлердин табигый комплекстери сакталган болсо, сууда сүзүүчү канаттуулардын жашаган чөйрөсү бузулбаса, анда бул башкаруучулук аракеттин натыйжалуулугуна жакшы көрсөткүч боло алат. Болбосо. Мындай иш-аракет натыйжасыз жана Рамсар конвенциясынын талаптарына жана, куру дегенде, Борбордук Азиянын өз ара биригип БА-РАД түзгөн өлкөлөрүндө бар практикаларга каршы келет.

Жогорудан ылдыйга

Кыргызстанада мектеп окучулары үчүн ачык сабак

Түркөнстанда тегерек стол

Долбоордун алкагында өткөрүлгөн иш-чаралар

ССЖдын Бүткүл Дүйнөлүк күнүнө карата төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү:

1. Түркмөнбашы шаарындагы коруктун кызматкерлери, шаардын администрациясы жана ССЖ ресурстарына кызыкдар болгон пайдалануучулардын катышуусу менен өткөн ССЖ (21 январь) күнү.

2. Казахстан республикасынын айыл чарба министирлигинде 2-февралда Бүткүл Дүйнөлүк суулуу-саздак жерлердин күнүнө карата өткөн отурум.

3. Түркмөнстандын өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү, чөл Улуттук институтунда Бүткүл Дүйнөлүк суулуу-саздак жерлердин күнүнө карата 1 февралда өткөн тегерек стол.

4. Ысык-Көл биосфералык аймагында өткөн Бүткүл Дүйнөлүк суулуу-саздак жерлердин күнүнө карата өткөн жолугушуу.

5. Коруктун аймагына чектеш болгон Нарын шаарынын жана Ат-Башы, Кочкор, Нарын райондорунун орто мектептеринде, ошондой эле Нарын шаарындагы №87 лицейде билим алган памирдик кыргыздарга өткөн лекциялар, «Каратал-Жапырык» коругунда 2 февралда өткөн тегерек стол, Ат-Башы районунун Казыбек айылындагы Нааматбек Үсөналиев атындагы орто мектепте (7 февраль) өткөн ачык сабак.

6. Ысык-Көл жана Чатыр-Көлдүн жээгинде таштандылар менен балык улоо торлорун тазалоо иш-чаралары.

7. ССЖ сактоо боюнча пландын экинчи этабы 2018–2020 жылдардагы иш- чараларды талкуулоо жана ССЖ күнүн өткөрүү боюнча жыйынтыктоочу семинар.

8. Бүткүл Дүйнөлүк суулуу-саздак жерлердин күнүнө арналган «Туулган жердин ССЖ коргойбуз!» атындагы Коргалжын коругунда өткөн иш-чараны.

Бул материал «Казакстанда, Кыргызстанда жана Түркмөнстанда суулуу-саздак жерлерди (ССЖ) жергиликтүү коомчулуктар тарабынан сактап жана туруктуу пайдалануусу үчүн мыкты тажыйрбаларды топтоо жана жайылтуу жолу менен ССЖлердин статусу жөнүндө маалыматтарды жаңылоо» башкаруу кыскача мазмунду болуп саналат.

Фото сүрөттөрдү долбоордун улуттук эксперттери Адылбек Козыбаков (Казакстан), Аскар Давлетбаков (Кыргызстан) жана Эльдар Рустамов (Түркөнистан) камсыз кылган.

Толук документтин электрондук версия *www.carececo.org*

Китепти сатып алуу үчүн жана долбоор боюнча суроолор болсо БА-РРД төмөндөгү дарек боюнча кайрылсанар болот:
Казакстан Республикасы, Алматы шаары Орбита-1,
40 Борбордук Азиядагы регионалдык экологиялык центр.

Байланыш адамы:
Жанель Карина, БА-РР демилгесинин техникалык катчысы
zhkarina@carececo.org

Тышындагы сүрөт: Уразалиев Руслан (АСБК)